**Мугалимдин үнү:** **Угуу тестин баштайбыз. 1-бөлүктө диалогдун башталышын ук. Андан кийин жооптордун варианттарын окуп, бир туура жоопту танда. Ар бир туура жоопко 1 упай берилет.**

**1-диалогдун башталышын ук.**
(окуучунун үнү) – Чоң ата, сиз канча жаштасыз?
(чоң атанын үнү) – Мен 65 жаштамын. (пауза)

(окуучунун үнү) – Чоң ата, сиз канча жаштасыз?
(чоң атанын үнү) – Мен 65 жаштамын. (пауза)

**Мугалимдин үнү:** **Кимдер сүйлөшүп жатышат?** Бир жоопту белгиле. (пауза)

---

**2-диалогду ук.**
(эркектин үнү) – Карина, сага кайсы мезгил жагат?
(аялдын үнү) – Мага күн салкын болуп, жалбырактар кызыл, сары түскө боёлгон мезгил жагат. (пауза)

**Мугалимдин үнү:** **Дагы бир жолу ук.**

(эркектин үнү) – Карина, сага кайсы мезгил жагат?
(аялдын үнү) – Мага күн салкын болуп, жалбырактар кызыл, сары түскө боёлгон мезгил жагат. (пауза)

**Мугалимдин үнү:** **Каринага кайсы мезгил жагат?** Бир жоопту белгиле. (пауза)

---

**3-диалогду ук.**
(эркектин үнү) – Менин атым Анвар. Менин эжем - студент. Байкем 8-класста окуйт. Иним бала бакчага барат. (пауза)

**Мугалимдин үнү:** **Дагы бир жолу ук.**

(эркектин үнү) – Менин атым Анвар. Менин эжем - студент. Байкем 8-класста окуйт. Иним бала бакчага барат. (пауза)

**Мугалимдин үнү:** **Анвардын канча бир тууганы бар?** Бир жоопту белгиле. (пауза)

---

**4-диалогду ук.**
(аялдын үнү) – Кечиресиз, кайсы жерге келдик?
(эркектин үнү) – Борбордук дүкөнгө.
(аялдын үнү) – Сиз азыр түшпөйсүзбү?
(эркектин үнү) – Жок, түшпөйм. (пауза)

**Мугалимдин үнү:** **Дагы бир жолу ук.**

(аялдын үнү) – Кечиресиз, кайсы жерге келдик?
(эркектин үнү) – Борбордук дүкөнгө.
(аялдын үнү) – Сиз азыр түшпөйсүзбү?
(эркектин үнү) – Жок, түшпөйм. (пауза)

**Мугалимдин үнү:** **Адамдар кайсы жерде сүйлөшүп жатат?** Бир жоопту белгиле. (пауза)

---

**5-диалогду ук.**
(аялдын үнү) – Балам, дүкөнгө барып келчи.
(баланын үнү) – Эмне алайын?
(аялдын үнү) – Самын, кир жуугуч порошок алып кел. (пауза)

**Мугалимдин үнү:** **Дагы бир жолу ук.**

(аялдын үнү) – Балам, дүкөнгө барып келчи.
(баланын үнү) – Эмне алайын?
(аялдын үнү) – Самын, кир жуугуч порошок алып кел.

**Мугалимдин үнү: 2-бөлүктүн текстин ук. Текст 2 жолу окулат. Угуп жатканда тестти аткарууга болбойт. Кунт коюп, түшүнүүгө аракеттен.**

**Айгүл гүлү**

Айгүл гүлү — Баткендин эң кооз гүлү. Анын бир артыкчылыгы, тоонун капталында өскөнүндө болуп саналат. Сабагы жашыл жалбырактуу, гүлү кызгылт-сары коңгуроого окшош. Айгүл гүлү көбүнчө апрель жана май айында гүлдөйт. Уругу жерге түшкөндөн кийин жети жылдан соң гана гүл ача баштайт. Жылына бирден гүл кошот. Ошого байланыштуу, гүлдү көрүп туруп, канчага чыкканын аныктаса болот. Сабагы - тик, бийиктиги 37-95 см. Жаратылышта уругу аркылуу гана көбөйөт. Айгүл гүлү “Кызыл китепке” киргизилген. (пауза)

**Мугалимдин үнү: Дагы бир жолу ук.**

**Айгүл гүлү**

Айгүл гүлү — Баткендин эң кооз гүлү. Анын бир артыкчылыгы, тоонун капталында өскөнүндө болуп саналат. Сабагы жашыл жалбырактуу, гүлү кызгылт-сары коңгуроого окшош. Айгүл гүлү көбүнчө апрель жана май айында гүлдөйт. Уругу жерге түшкөндөн кийин жети жылдан соң гана гүл ача баштайт. Жылына бирден гүл кошот. Ошого байланыштуу, гүлдү көрүп туруп, канчага чыкканын аныктаса болот. Сабагы - тик, бийиктиги 37-95 см. Жаратылышта уругу аркылуу гана көбөйөт. Айгүл гүлү “Кызыл китепке” киргизилген.

**Мугалимдин үнү: Берилген жооптордун ичинен уккан маалыматка мааниси туура келген бир жоопту танда. (узак пауза)**

**3-бөлүктүн текстин ук. Текст 2 жолу окулат. Угуп жатканда тестти аткарууга болбойт. Кунт коюп, түшүнүүгө аракеттен.**

**Шахмат**

Шахмат - дүйнөдөгү эң белгилүү оюндардын бири. Ал болжол менен 2 миң жыл мурун Индияда пайда болгон. Ошондон бери, ал тездик менен бүткүл планетага тарап, дүйнөлүк маданиятта орун алган.

Ар бир оюнчуда 16 шахматтык фигура болот: 64 чарчылуу тактайда ойнолот. Эгерде атаандаштар бирин бири жеңе албай калса, анда тең чыгуу болот.

Ар кандай курактагы адамдар шахмат ойногонду жакшы көрүшөт. Жакшы шахматчы өз жөндөмүн абдан эрте өөрчүтө баштоосу керек. Шахмат оюну стрессти жана тынчсыздануну азайтат.Чыгармачылыкты, жоопкерчиликти арттыруу менен пландоо жөндөмүн, эс тутумун жакшыртат. Кырдаалды талдап, чечим кабыл ала алышат.

Шахмат азыркыга чейин көптөгөн жаңы күйөрмандарды топтоодо. (пауза)

**Мугалимдин үнү: Дагы бир жолу ук.**

**Шахмат**

Шахмат - дүйнөдөгү эң белгилүү оюндардын бири. Ал болжол менен 2 миң жыл мурун Индияда пайда болгон. Ошондон бери, ал тездик менен бүткүл планетага тарап, дүйнөлүк маданиятта орун алган.

Ар бир оюнчуда 16 шахматтык фигура болот: 64 чарчылуу тактайда ойнолот. Эгерде атаандаштар бирин бири жеңе албай калса, анда тең чыгуу болот.

Ар кандай курактагы адамдар шахмат ойногонду жакшы көрүшөт. Жакшы шахматчы өз жөндөмүн абдан эрте өөрчүтө баштоосу керек. Шахмат оюну стрессти жана тынчсыздануну азайтат.Чыгармачылыкты, жоопкерчиликти арттыруу менен пландоо жөндөмүн, эс тутумун жакшыртат. Кырдаалды талдап, чечим кабыл ала алышат.

Шахмат азыркыга чейин көптөгөн жаңы күйөрмандарды топтоодо.

**Мугалимдин үнү: Берилген жооптордун ичинен уккан маалыматка мааниси туура келген бир жоопту танда. (узак пауза)**